DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Качкынчиева А.Ж., Талайбекова Б.Т.*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БААЛУУЛУКТАРЫ

*Качкынчиева А.Ж., Талайбекова Б.Т.*

# ЦЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*A.J. Kachkynchieva, B.T. Talaybekova*

# VALUES OF THE KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 801.82*

*Бул макала азыркы учурда жок болуп бара жаткан кыргыз элинин баалуулуктарына арналган. Бул макаланы негизги болгон кыргыз элибиздин маданий мурасы, каада-салт, үрп-адат, улутубуздун энчисине тийген улуттук оюндар, кыргыздын өзүнө гана таандык тамак-аш даамдары, ата-бабалар муундан муунга мурас калтырган кол өнөрчүлүк, кыргыздын музыкалык аспаптары, элибиз күндөлүк турмушта колдонгон буюмдары, калкыбыздын түгөнгүс казынасындагы мурастары. Бүгүнкү каралып жаткан улуттук баалуулуктар жөнүндө маселеге биз жооп бериш үчүн адам туулганынан тартып, өмүрүнүн акырына чейин колдонулган каада-салттарды, үрп-адаттары жакшы билишибиз керек. Аларды билбей туруп бири-бирибизге акыл үйрөтө албайбыз. Кыргыз элинин өзүнө таандык гана үрп-адаттары, каада-салттары жөрөлгөлөрү бар. Аларды тутунуп, кыргыз эли өзүн улут катары сактап келген. Илгертен эле ата-бабаларыбыз өздөрүн ыймандуулук, адептүүлүк, сабырдуулук, чынчылдык, мекенчилдик, адилеттүүлүк, кайрымдуулук деп жети адамгерчилик сапатты айтып, өзү да бул сапаттарга жооп берип, аны башка адамдардан да талап кылып, үгүттөп келген.*

***Негизги сөздөр:*** *каада-салт, маданий мурастар, буюмдар, улуттук кийимдер, оюндар.*

*Эта статья посвящена ценностям кыргызского народа, которые в настоящее время исчезают. В основе данной статьи - культурное наследие кыргызского народа, традиции, обычаи, национальные игры, кыргызская кухня, ремесленные изделия, киргизские музыкальные инструменты, используемые нашим народом в повседневной жизни, изделия, неисчерпаемое наследие нашего народа. Чтобы ответить на вопрос о национальных ценностях, который мы рассматриваем сегодня, нам необходимо знать обычаи и традиции, которые используются от рождения до конца жизни. Мы не можем учить друг друга, не зная их. У кыргызского народа свои обычаи и традиции. Кыргызский народ сохранил себя как нация. С незапамятных времен наши предки называли себя семью человеческими качествами морали, порядочности, терпимости, честности, -патриотизма, справедливости и милосердия, и он сам отвечал на эти качества и требовал и распространял их от других.*

***Ключевые слова:*** *обычаи, культурное наследие, изделия, национальные костюмы, игры.*

*This article is dedicated to the values of the Kyrgyz people, which are currently disappearing. This article is based on the cultural heritage of the Kyrgyz people, traditions, customs, national games, Kyrgyz cuisine, handicrafts, Kyrgyz musical instruments, used by our people in everyday life. products, the inexhaustible heritage of our people. To answer the question of national values that we are considering today, we need to know the customs and traditions that are used from birth to the end of life. We cannot teach one another without knowing them. The Kyrgyz people have their own customs and traditions. The Kyrgyz people have preserved themselves as a nation. From time immemorial, our forefathers called themselves the seven human qualities of morality, decency, tolerance, honesty, patriotism, justice, and mercy, and he himself responded to these qualities and demanded and propagated them from others.*

***Key words:*** *customs, cultural heritage, products, national costumes, games.*

Ар бир улуттун, элдин туу туткан, мурдатан бери аздектеп сактап келген нарктуу санжыралары, баалуулуктары бар. Баалуулуктар руханий жана заттык болуп экиге бөлүнөт. Кыргыз элинин байыртадан сактап келген баалуулуктары: тарыхыбыз, тилибиз, динибиз, маданиятыбыз, салт-санаабыз, тарыхый эстеликтерибиз, каада-салттарыбыз жана башка баалуулуктарга байбыз. Бирок доор, заман, коом алмашкан сайын, баалуулуктар өзүнүн ордун жоготуп, интернет доорунда баалуулуктарга болгон көз караштар өзгөрүп бара жатат. Мисалы: “келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр” деген бул сактаган сандыгын, анын ичиндеги кийимдери, жоолуктары, куржуну, көшөгөсү. Өлгөндөн кийин аны боз үйгө илип, келген эл көрсө таберик кылып, сообу тийсе деген жөрөлгө. Ал азыркы учурда бул жөрөлгө, өлгөн жерде кийим илмей, мал союу, аш бербей деген салт-санаа жоюлууда. Азыркы жаштарыбыздын өзүнүн “кыргыз”, “мусулман” экенин унутуп бара жатканы адамды кейитет. Өзүнүн жашоосун башка мамлекеттин жашоосуна салыштырып, батыштын кылык-жоруктарын туурап, адамдын оюна келбегендерди иш-аракеттерди жасап, азыркы жаштарыбыз менен илгерки убактагы жаштарыбыздын айырмасы асман менен тоодой.

Азыркы убакта кыргыз тилинин өнүгүүсү, өсүүсү болуп жатат, бирок көчөлөрдөгү жарнамалардагы кыргызча сөздөрдүн ордун орусча сөздөр ээлеп, жада калса англис сөздөрү да толуп бара жатат. Биз өзүбүз кыргыз болуп кыргызча сүйлөбөй же кыргызча кинолорду тартпай, нукура кыргыз тилинде гезит журналдарды, жарнамаларды чыгарбасак, башка улуттун элдери бизге кыргыз тилинде сүйлөп, кыргыз болуп бере албайт.

Япон эли да баалуулуктарга бай. Бирок алар ошол ар бир баалуулуктарын азыркы замандын талабына, нугуна карап, пайдалуу болгондорун сактап пайдасыздарын колдонбой коюшкан.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Баалуулуктар бул дарактын көркүн ачкан мөмөлөр жана гүл сыяктуу. Өз маданиятын калыптандыра албаган жана жоготуп койгон улут, жемин бербеген дарак сыяктуу. Бүгүн болбосо, эртең ал үйүлгөн отунга айланганы турган иш. Ар бир кыргыз ата-бабаларыбыздын салтын, урп-адатын билип, кийинки муунга өткөрүп берүүбүз керек. Себеби элди эл кылган жана башка элдерден айырмалаган бул – улуттук баалуулуктар.

Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына токтоло кетели.

**Каада салт –** кандайдыр бир элдин турмуш тиричилиги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жоболордун жыйындысы. Каада-салт улут менен кошо пайда болуп, узак мөөнөт жашап келген, белгилүү географиялык чөйрөгө жана тарыхый шарттарга байланыштуу калыптанган, ар бир элдин, этностук топтун, улуттун ичинде гана салыштырмалуу туруктуулукка ээ жана бир муундан экинчи муунга өткөрүп берүү, коомдук пикирдин күчү менен аткарылып жана сакталып турат. Каада-салт адегенде диний түшүнүктө, андан кийин социалдык жана күндөлүк жашоо турмушка ыңгайлашып, байыркы замандан бери оңдолуп-түздөлүп, өзүнө мүнөздүү туруктуу жөрөлгөлөр менен коштолуп, андан соң адамдын руханий, физикалык, материалдык байлыктарына жана убактысына зыян болбогондо гана акырындап элдин салтына айланат. Каада-салт адамдын өмүрүнө, социалдык мамилелерди, маданиятын материалдык объектилерин жана башкаларды өзүңө камтып турат. Баланын төрөлүшү (сүйүнчү, көрүндүк, ат коюу, жентек, бешик той, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу ж.б.), кыз берүү, келин алуу, бел куда, бешик куда, кудалашуу (тогуздап калың берүү, сөйкө салуу, күйөөлөө, жар көрүшүү, кыз оюн, кыз узатуу, келин көрүү, нике кыюу, өкүл ата, өкүл эне дайындоо, отко киргизүү, төркүлөтүү, сеп берүү ж.б.), сөөк коюу, эскерүү (кабар айтуу, тул көтөрүү, кара кийүү, өкүрүү, конок алуу, сөөк жуу, кепиндөө, узатуу, сөөк коюу, мүчө таратуу, жыртыш берүү, кара аш, үчүлүк, жетилик, кыркылык, жылдык аш, жыт чыгаруу, куран окутуу ж.б.), календардлык салт (Нооруз тосуу, аластоо, Орозо айт, Курман айт өткөрүү ж.б.), көч, конок күтүү, тартуу берүү (эски журтта түлөө берүү, өрүлүктөө ж. б.), турак жай (үй көтөрүү, там салуу, үй тою ж.б.), күндөлүк жашоо-тиричилик (мал багуу, жер айдоо, түшүм алуу ж.б.), кийим-кечек (ак калпак, кандагай, кементай, ичик, тон, топу, тебетей, шөкүлө, элечек, белдемчи, кемсел ж.б.), тамак-аш (айран, жуурат ж.б. сүт азыктары, бешбармак, жөргөм ж.б. эт азыктары, көжө, максым ж.б. дан азыктары, боорсок, көмөч ж.б. нан азыктары, кымыз, бозо ж.б. суусундук ичимдиктер) ж.б. байланыштуу бир нечеге бөлүнөт. Кыргыз элинин үрп-адаттары, Каада-салттары жана материалдык маданияты анын улуттук этностук өзгөчөлүгүн аныктайт.

**Салт** – муундан муунга, укумдан тукумга өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген социалдык жана маданий мурастын элементи. Ал сөзсүз кайталанат. Кайталанбаган жосун салт болуп эсептелбейт. Бирок, кайталангандын бардыгы эле салт эмес. Ал – каада. Каада заманга жараша салттын чегинде өзгөрүп турат. Алсак, учурашуу – бул салт эмес. Бирок, анын кандайдыр бир жөрөлгөлөр менен коштолгону, мисалы, кол алышып учурашуу, өбүшүп учурашуу, ийиндерин тийгизип учурашуу, кичүүнүн улууга озунуп салам айтышы ж.б. салт болуп саналат. Демек, ушул сыяктуу кандайдыр бир кубулуштун жөрөлгөлөр менен коштолуп кайталанышы улуттук каада-салттын көрөңгөсүн түзөт. Салттын жолу улук болот. Деги эле салттардын негизги милдеттеринин бири - жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүү болууга, ата-эне, эл-журт алдында милдетти сезе билүүгө, улууларды сыйлоого ж.б. жакшы сапаттарга тарбиялоо. Элдин турмуш-мүнөзүнүн өзгөчөлүгүнө, чарбалык иш-аракетине байланыштуу жаралып, тарыхый узак жолду басып, муундан муунга өтүп, коомдук пикирдин күчү менен корголуучу үрп-адаттар, адамдардын жүрүм-турум эрежелери, улуттун рухий жүзү – элдик каада-салттар деп аталат. Элдик каада-салттар этностун, улуттун тубаса өзгөчөлүгүн, башка элден айырмачылыгын көргөзөт жана ошол өзгөчөлүктү сактап калууга жөндөмдүү жаңы муунду тарбиялоо анын негизги милдети болуп эсептелет.

Элдин улуттук салттары динден мурда эле түптөлүп, эл-журтка сиңип, укумдан тукумга уланып келе жатса да, элдин тарыхый жашоо-турмушуна, жашаган жерине, алака түзгөн элине, кабыл алган динине байланыштуу өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга учурагандары да бир кыйла. Алардын адеп-ахлак тарбиясына коркунучу жокторун, кайра ага көмөктөш болгондорун эл өзүнө эчак эле сиңирип алган. Натыйжада айрым салттарды кийинки кирген жөрөлгөлөрдөн ажыратып кароого эч мүмкүн эмес. Кайра алар мурунку салттарга көрк берип, ажарын ачып турат. Алсак, ислам дининин эли-жериңди, ата-эненди, улууларды, аялзатын сыйла, кайрымдуу бол, дүйнөгө таза келип, таза кет деген сыяктуу насааттары, элдик салттар менен өзөктөшүп турганын тана албайбыз. Кыргыздар ошондой эле маркумга арнап куран окууну тек гана көзү өткөн жакын адамына болгон сагынычын, кусалыгын басуу, же таанып-билген адамды ызаатtап эскерүү, курман айт, орозо айтгарды диний майрам

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



болсо да, негизинен маркумдарды эскерүү күнү катары кабыл алышат. Демек, элдик тарбиянын тамыры элдин тарыхы менен өзөктөш. Салттарда азыркы кезде совет мезгилинин, кошуна элдердин таасири сыяктуу факторлордун натыйжасында региондордо ажырымдар бар. Ошондой болсо да айрым аймактык өзгөчөлүктөр болгону менен, алардын келип чыккан түбү бир. Дүйнөдө салтты колдонбогон эл жок.

Кыргыздын боз үйү – көчмөн элдердин байыртан колдонуп келе жаткан жана бардык жакшылык салт-салтанаттарында тигиле турган турак үйү. Боз үй – элдин акылынан чыккан, чебер колунан жасалган, теңдешсиз өзгөчө өнөр. Ал – укмуштуудай айлакердик көркөмдүккө, математикалык так эсепке жана физикалык тең салмакка ээ. Боз үй калк жашаган жерлерде өскөн жыгачтан, кол өнөрчүлүк менен жасалгалашкан, жеңил десе жеңил, тигип чечкени оңой, жайында салкын, кышы жылуу, жөнөкөй, улуу эстелик жана кол өнөрчүлүктүн туу чокусу болуп эсептелет. Боз үйдүн чоң же кичине экенин анын түндүккө сайылган укуктарынын санынан билген. Мисалы: “он эки канат”, “сегиз канат”, “алты канат”, “төрт канат”, “эки канат”, же “жүз баштуу”, “сексен баштуу”, “жетимиш баштуу”, “элүү баштуу” деп айтышкан. Эң чоң боз үйдү “ак сарай” деп аташкан. Боз үйдүн так ортосун – коломто, ага казан асып, тамак-аш кылышкан. Төр – үйдүн эшикке карама-каршы турмушу. Анда жүк жыйылып, туш кийиз илинип турган.

Эрки жак – үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Ага ала бакан орнотулуп, ашкананы чий менен тосуп, ал жерде тамак-аш, идиш-аяк, аяк кап турган.

Эр жак – үйдүн сол жагы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык жана башка буюмдары турган.

Улага – үйдүн кире бериши. Ал жерде отун жыйып, ээр-токум коюлган.

Кыргыздын боз үйүндөгү ырым жырымдар күчтүү болгон: керегеге бутту артпаган, түндүктү, баканды аттабаган, босогону баспаган, отко суу коюп өчүрбөгөн, күйгөн отко түкүрбөгөн, тулганы, сүттү теппеген, дасторконду тескери салбаган, жылдыз санабаган, эшикти тээп ачпаган, босогого туруп бой кербеген, үйдө ышкырбаган, үйдү айланып чуркабаган жана башкалар.

**Кыргыз элинин улуттук кийимдери**. Көчмөн кыргыз элинин кийими, баш кийими жашоо шартка, климатка жараша жасалган. Мезгил, доор алмашкан сайын кыргыз улуттук кийимдери көмүскөдө калып кете жатат, бирок азыркы мезгилде кайрадан жанданып келе жатат. Кыргыз эли көчмөн эл болгондуктан кийимдер буюмдары малдын (уй, кой, төө, топоз ж.б) терисинен, жүнүнөн жасашкан.

Кыргыз кыздарынын кийимдери да жаш өзгөчөлүгүнө карап кийинишкен. Кыз баланын кийими түрдүү шуру, күмүш седеп топчулар жана ар кандай тумарлар менен кооздолгон. Баш кийими топу, тебетейин кундуз, суусардан жасап, төбөсүнө үкүнүн канатын тагып коюшкан. Элдик ишенимге караганда, үкүнүн канаты, тумар булар жаман көздөн, көз тийүүдөн, жаман сөздөн сактап келген. Көпчүлүк кыздар көйнөктөрүн кебезден токулган кездемелерден тигип кийишкен, ал эми колунда бар, байлардын кыздары жибек кездемеден тигилген кийимдерди кийип жүрүшкөн. Көйнөгүнүн сыртынан чыптама кийишкен,ал тызыл түстө болгон. Төшүнө күмүштөн жасалган ала тамак, бооруна топчу, далысына тумар тагып коюшкан. Ала тамак – бул өспүрүм кыздардын төшүнө тагыда турчу жасалга. Ал маржан менен тизилип, учунан күмүш тыйындар тагылган.

Секелек кыздар көйнөгүнүн сыртынан кемсел кийип жүргөн. Ал жеңи, жакасы жок, кызыл, күлгүн түстө тигилип, седеп топчулар менен кооздолгон. Кемелди көпчүлүк чыптама деп айтып жүрүшөт.

Турмушка чыккандан кийин кыздардын кийимдери, чач өрүлүшү, баш кийими дагы алмашкан. Секелек кезинде беш көкүл чач өрүп, тебетей кийип жүрсө, турмуш жолуна аттанып жатканда чачын экиге бөлүп өрүп, шөкүлө кийип чыгат.

Аялдардын сырткы кийимдеринин бири – чапан. Чапанды кыз бойго жетип, турмушка узап жатканда атайын баалуу кездемеден тигип, себине кошуп берген.

Азыркы убакта бул ырым-жырым жөрөлгөлөрү кээ бир аймактарда унутулуп, кээ бир аймактарда гана уланып келе жатат.

Аялдардын баш кийими болгон элечек, аймактарга карап аталышы, жасалуу, ороолуу жолдору да башка. Ал тургай бир эле аймакта айырмачылыктар кездешет. Түштүк аймактарда “каляк”, Талас, Токтогулда “илеки” деп аташат. “Кеп такыя” бул элечектин бир бөлүгү, ал башты толугу менен жаап маңдайы түз болот. Эки капталында ылдый түшүп турган “жактары” бар. Ал эми желкесине өрүлгөн чачтын толугу менен жаап туруучу узун тилке - “куйрукчасы” түшүрүлөт. Анын узундугу кээде кызыл ашыкка чейин жетет. Түштүк аймактарда күн ысык болгондуктан элечеги сорогой болуп үстүнө сөзсүз дурия жоолук жабылган. Ал күндүн ысыгынан сактап, көлөкө берип турган.

Элечектин оромолоруна жука ак кездеме же даки колдонулган. Ээсинин көзү өткөндөн кийин элечектин кездемесин кепинге колдонушкан. Кээ бир учурда бала төрөлгөндө аны ороого жана жараат таңууга да керектешкен.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Элечек чоңдугу анын ээсинин жашоо-турмушуна жараша болгон. Бай, колунда бар, оокаттуу кыргыздар элечекти 25-30 метрден кем эмес, ак кездемеден орношкон. Колунда жок, жардылар 5-6 мерт менен чектелип калган. Элечекти ар бир айым турмушка чыккандан тартып оронуп баштаган. Элечек кышыжайы дебей аялдардын башынан түшкөн эмес.

**Элечек тууралуу 10 факт:**

1. Кыргызстандын ар кайсы аймагында элечекти ороонун өзгөчөлүктөрү болгон.

2. Элечек орогон кездеменин ак түсү – эненин символу.

3. Элечек аялдын фигурасына оң таасирин берет, б.а. бойду түз кармап жүрүүгө тарбиялайт.

4. Элечек көп функциялуу. Илгери көчмөн элибиз зарыл учурда элечекти балага жалаяк, кепин катары, жараатты таңуу үчүн да колдонгон учурлары болгон.

5. Сөз болуп жаткан баш кийим жерибиздеги ар кыл идеологияны тутунган инсандардын бардыгынын көңүлүнө төп келет.

6. Элечектин кездемесинин узундугу анын ээсинин статусуна жараша болгон. Дөөлөттүү байбиченин элечеги албетте, карапайым зайыптыкынан көлөмдүү келген.

7. Элечекти ороо үчүн 12 метрден 40 метрге чейин кездеме кетет.

8. Учурда элечекти элдин күнүмдүк жашоосуна сиңирүүгө далалат болуп жатат. Элечектин орточо салмагы 800 граммдан 1 килограммга чейин жетет. Индиядан алынып келинген малмаль аттуу кездеме башка жеңил жакшы оролот.

9. Элечекти ороого узак убакыт талап кылынат. Бир элечекти ороо үчүн кеминде 45 мүнөт кетиши мүмкүн.

10. Илгери ар кыл салтанаттар болоордо элечекти мыкты орой билген зайыптарга атайын барып элечек оротушчу.

**Мырзалардын калпак тийүүсү.** Салттуу баш кийим катары калпак байыртадан тарта азыркы күнгө чейин сакталып, кийилип келет. Калпактын алгачкы түрлөрү кийизден уютулуп жасалган. Уютулган калпакты “уютма” же “туюк калпак”деп аташкан. Бүгүнкү күндө мындай туюк калпактын мыкты үлгүсү Мамлекеттик тарых музейинде сакталып турат.

Кыргыз калпагы – ысыкта күндөн, суукта ызгаардан сактаган, жайлуу, жеңил баш кийим. Бирок калпактын түзүлүшү, калпактагы ар бир түс жана ар бир оюу өзүнчө маанини туюндуруп турат.

Калпак бири-бирине дал келген 4 талаадан куралат. 4 талаа биригип келип кыргыз эли байыртан мекендеген Ала-Тоону чагылдырат. Демек, мекенибиздин символун берет. Калпактын ак кийизден жасалганы анын ыйыктыгын, аруулугун түшүндүрөт. Калпак – байыркы баш кийим. Аны кийген адам ата-бабаларынын тарыхына тамырлашып, элинин салтына, маданиятына бекем байланышат. Калпактын ыйыктыгы да ушунда.

Абройлуу, аттуу-баштуу, колунда бар кишилер, Бакай калпак, хан калпак кийишкен.

Калпак мүчөлөп жашка карата жетиге бөлүнгөн.
Алар:

1) 1 жаштан 12 жашка чейинки балдардын калпагынын кийизинин түсү ак, көк, жашыл, ачык күрөң болуп, кыюусу адатта жашыл, көк ачык түстөрдө болгон;

2) 13 жаштан 24 жашка чейинки уландардын калпагы ак түстө болуп, кыюусу жашыл кездеме менен тигилген. Жашыл түс жаштыктын, өсүүнүн түсү.

3) 25 жаштан 36 жашка чейинки жигиттер ак калпак, кыюусу көк болгон калпак кийишкен. Бул курактагы жигиттер бир үйдүн ээси, өзүнчө түтүн булатып калган болот.

4) 37 жашташ 48 жашка чейинки кишилер ак калпак кийип, кыюусу күрөң болгон.

5) 49 жаштан 60 жашка чейинки эркектер ак калпак кийип, кыюусу ачык күрөң, буудай түстөгү калмай кийишкен.

6) 61 жаштан 72 жашка чейинки аксакалдарга кыюусу ак түстөгү калпак, жашына туура келген.

7) 73 жаштан улуулар кыюусу ак-кара болгон ак калпак кийишкен, себеби бул куракта аксакалдар акты-ак, караны-кара деп уулдарына кеңеш, насаат айткан.

Кызыл кыюусу бар калпак кийген жигит кошуна айылга барып калса “кыз издеп келген экен” деп жоруп коюшчу экен.

**Кыргыздын көөнөрбөс мурастары.** Көөнөрбөс мурастары – кыргыз эли бир кездерде өзүнүн көөнөрбөс мурастарын, баалуулуктарын (кол өнөрчүлүктөн жасалганы буюмдар, оюндар,улуттук тамак-аштарын) унутуп койгон эле. Убакыттын өтүшү менен кайрадан жанданып баштады. Унутта калтыргандыгынын себептери ар түрдүүчө. Мезгил, заман өзгөрүүсү менен адамдардын аң-сезими да өзгөрүлүп жатат. Мисалга ала кетсек, телефон. Телефондон өзүбүз маалыматтарды, кооз мамлекеттерди, илимий ачылыштарды, билбегендерди, көрбөгөндөрдү көрө алабыз. Телефонду туура жакка пайдаланып, андан электрондук китептерди окуп, өзүбүз билбегендерли билип, үйрөнүп жана башкаларды билсек болот. Телефон, интернет аркылуу атайы электрондук капчыктарлы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



ачып, ал аркылуу акча которуп, коммуналдык төлөмдөрдү төлөп, бирдик салып, өзүбүз убактыбызды үнөмдөйбүз. Бул телефондун пайдалуу тараптары. Ал эми зыяндуу тараптары: азыркы жаштарыбыздын көпчүлүгү телефонду туура жакка пайдаланбай интернеттин ар тармактарынан туура эмес маалыматтарды алып, роликтерди көрүп, адам оюна келбеген ишаракеттерди кылып өзүнүн адам экенин унутуп бара жаткансыйт. Ден соолугуна өтө чоң зыян алып келет, биринчиден көзүнө, психикасына, андай кийин аз кыймылдоо. Аз кыймылдагандык организмдеги кандын коюуланыш пайда кылат да, адамды көп ооруларга чалдыктырып коёт.

Кыргыздын көөнөрбөс баалуулуктарына токтоло кетсек:

**Шырдамал** – кийизден жасалып, жерге салынуучу уй буюму. Шырдамалдын бети болуучу кийиз кара түскө боёлот. Кийиз бетине ар кандай оймо-чиймелерди түшүрүп, анын үстүнөн ыскыт менен басып тигип чыгат. Шырдамалдын аттарын ар кайсы жерде ар башкача айтышат: шырдак, төрбөлжүн, оймо теке, түр кийиз жана башка. Өлчөмүнө карап: чоң, орто, кичине шырдамал болуп бөлүнөт.

**Туш кийиз –** боз үйдүн керегесине, үйдүн дубалына тартуу үчүн саймаланган кооздук буюм. Баш жагына шуру, бермет, акак таштары бастырылат.

**Ала кийиз -** колдонмо кол өнөрчүлүктүн бир тармагы. Түр салынып жасалган кийизди “ала кийиз” деп аташат.

**Кийиз –** кийизден кыргыз эли үй тиричилигине керектүү жерге төшөлүүчү буюмдарды жана кийимкече жасап кийген. Боз үйдүн жасалышына да керектүү негизги буюм болуп эсептелет. Азыркы убакта кийизден уй буюмдарын жана улуттук оюм-чийимдер түшүрүлгөн кийимдер, баштыктар жана баш кийимдерин түрлөрү жасалып жатат.

**Зер буюмдар** – 1) зергерчиликте көркөмдөлүп жасалган кооз буюм. Алтын, күмүш жана башка металдан жасалып, бетине асыл таш (алмаз, бермет ж.б.) коюлат. Аларга сөйкө, шакек, билерик, топчу, төнөгүч ж.б, ошондой эле ат жабдыктарына, куралжарактарга, аңчылык уюмдарга жана музыкалык аспаптар. 2) Кол өнөрчүлүктөгү көркөм жасалгалар. Боз үйдүн ички-тышкы жасалгалары, уй буюмдары, ат жабуу, улуттук кийим-кече жана башка көркөм оюмдар, түшүрүлүп саймаланып, ошондой эле тигүү өнөрүндө зер жипчелер колдонулуп, кооздолуп жасалат. Мисалы боз үйдүн эң мыктысы-ак өргөөнүн кийизин борбор, ак чополоп жана сөөктүн гүлү менен агарткан. Ак тыбыттан кийиз жасап, сыртын ак кездеме менен каптап, ичине чыглан тартылбай, от жаңылбай, аялга жана эркекке таандык асем буюмдар коюлган.

**Көөкөр –** тиричилик идиштеринин кооз түрү. Атайын кымыз куюуга колдонгон. Аны жасоо үчүн чеберлер уйдун, төөнүн терисин тандашкан. Калың жеринен (эки капталынан) алешем кылып кургатып алып бычышкан. Көөкөр кармоодо аймактык айырмачылыктар бар. Идиштин ийини, мойну, булуң-бурчтары айтайын ийри шиш аркылуу көркүнө келтирилет. Кээде көөкөрдүн булуң-бурчтарына, ийине, моюнуна күмүш, жез чегилет жана оюм-чийим түшүрүлөт. Көөкөрдүн формасы ар кандай болот.

**Жаргылчак** – кичинекей кол тегирмен. Ал кол менен чуркатылат. Жаргылчак менен арпа, буудай, жүгөрү, конок, таруу сыяктуу дандарды кууруп да, куурубай да майдалап, андан ун, талкан, шак, угут кылып алат. Туз майдаланат, илгери эжигей-куруттту кургатып, кадимки талкандай тарткан. Андай тамакаштар күлазык болгон.

**Чанач** – кымыз, айран сыяктуу суюктуктарды куюп алып журуу учун колдонулуучу эчкинин туюк союлган терисинен жасалган идиш. Союлган серкенин (эчки, улак) терисин сан жагынан баштап кылдаттык менен бузбай, тошке чейин жиреп келип, бутун бойдон сыйрып алат. Булардын териси башка жандыктардын терисине Караганда бекем жана бышык болуп кепке чейин колдонулган. Мурунку убактарда бул идиштерди тоо текенин терисинен да даярдашкан. Алынган теринин жундерун жыдытып, келеке жерге жайып кургатуу керек. Терини кургаганча күнүгө чоюп туруу зарыл, антпесе тери кургап, жарактан чыгып калат. Даяр болгон теринин моюн жагы түбү болот, ал эми ылдый жагы кенен болгондуктан ал чаначтын оозу болот. Теринин бучкактары гана, кыл же атайын даярдалган жип менен тигилет.

**Куржун –** терме же жөнөкөй таардан, килемден ортосу бириктирилип, аптыгып жүрүүгө ыңгайланып жасалган эки көздүү баштык. Кыргыз буюмдарынын бири болуп эсептелет. Куржундун көздөрү бирдей өлчөмдө болуусу керек.

**Камчы –** ат жабдыктарынын бири. Кыргыздар эзелтеден бери камчыны колдонуучу буюм, колундагы курал катары гана урунбастан, көркөм буюм, символ катары колдонуп келишкен. Камчы мал айдоо үчүн гана колдонулбастан, эр жигиттин сүрү, куралы, бийликтин символу катары да таанылган. Жоокерчилик заманда башына коргошун уютулган камчы менен душманды жыга чапкан учурлар болгон. Кыргыз эли камчынын түрүн жасап, жылан боор, кош өрүм, төрт кыр жана башка ыкмалар, өрүмдөр менен өрүп, кынаптан, сын сыпаттуу жасашкан. Камчылар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



эркектики жана аялдыкы болуп шарттуу түрдө экиге бөлүнөт.

**Кыргыздын улуттук оюндары.** Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздүрүнө тиешелүү болгон (салттык) улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, аңгилдек, уюм тууду, селкинчек, упай,ат секиртмей, сөөк сындырбай, ит тартыш, келин күрөш, кыз куумай, чүкө бекитүү, жоолук таштамай, ак терек, көк терек, аркан тартыш, беш таш, топ таш, жашынмак, качма топ, шакек салмай, оодарыш, эр эңиш, улак тартыш, ат чабыш жана башка ат оюндарынын түрлөрү эсептелет.

Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өсүп, эли жерин, маланын ал тургай коңшулаш жашаган тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табийгаттын катаал кырсыктарынан коргоп келген. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Не бир ажайып ыр күүлөр, элдик кол өнөрчүлүктүн түмөн түрү, макал ылакаптар, жомоктор, ал эмес залкар эпосорго чейин тилден дилге өткөрө аздектелип эс акылдын кудурети менен ушул күнгө жетти.

Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушарланган.

Негизинен ал оюндарда элдин ой тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндик теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Ал оюндардан элдин педагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүк көрүнүп турган.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А.С. “Кыргыздын кол өнөрчүлүгү”. – Бишкек, 1996.
2. Акматалиев А.С. “Боз үй”Ала-Тоо журналы №4
3. Анаркулов Х.Н. “Кыргыз эл оюндары”. –Ф.: 1981, ISBN-10(13):5-65500669-30
4. Асанов У.А. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы:3-том. К 97.
5. Кадыров Ы. “Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар” –Б.: 2011.-208б.